**Программанын аталышы:** №87 жалпы билим берүү орто мектебинин 2016-жылдан 2021-жылга чейинки өнүгүү программасы

Тема: **" Ак кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу"**

**Программанын максаты:** Ар кандай денгээлдеги окуучулар менен иштөө, сабак учурунда деңгээл боюнча тапшырмаларды берүү менен ар бир окуучунун бардык предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана алардын жыйынтыгын чыгаруу

2019-2020-жылы окуу жылдарында программанын изилдөө этабы ишке ашырылды. Тактап айтканда деңгээлдештирип окутуу боюнча билим сапатынын мониторинги чыгарылып, окуучулардын чыгармачылык иштери уюштурулуп жыйынтыкталды.

**Программанын милдетти:** Ар түрдүү деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен ар тараптан өнүккөн чыгармачыл изденген, өз Ата Мекенин сүйгөн, аны коргой билген, патриоттук духта тарбияланган толеранттуу, компетенттүү инсанды тарбиялоо

**Белгиленген максатты ишке ашырууда төмөнкү маселелердин үстүндө иш жүргүзүлдү:**

| **Программаны ишке ашыруудагы милдеттер** | **Күтүлүүчү жыйынтык** |
|---|---|
| Ата-энелердин жана окуучулардын юн ар дайым изилдөөгө алууну системалаштыруу | Ата-эне жана мектеп ортосундагы карым-катыш тыгыз болуп, ата-энелер жана окуучулардын талабына мектеп жооп берет. |
| Окуу-тарбия процессинде мектепте түзүлгөн жагдайлардын деңгээлин изилдеп чыгуу | Мектептин кадыр-баркынын өсүшү жана коомчулук тарабынан колдоого алынуусу жогорулайт. |
| Мектеп ичинде чыгармачыл иштеген мугалимдердин конкурстарын уюштуруу | Педагогикалык ишмердүүлүк процессинде кесиптик чеберчилик жогорулайт. |
| Окуучулардын изилдөө эмгектерди коргоону шаардык "Жылдын мыкты кабинети" уюштуруу | Изилдөө иштери боюнча райондук жана шаардык конкурстардын жеңүүчүлөрү көбөйөт. |
| Кабинеттерди конкурсуна алып чыгуу | Окуу процессинин маалымат жактан камсыздоонун эффективдүү системасы түзүлүшү |
| Чыгармачыл изденүү менен эмгектенген жаш мугалимдердин иш тажрыйбасын мектеп ичинде жайылтуу | Жаш мугалимдердин толеранттуулугу, компетентүүлүгү жогорулайт. |
| Сабактардын план конспектилеринин электрондук | Педагогдордун электрондук вариантта сабактардын иштелмелеринин картотекасы |

| | |
|---|---|
| вариантта түзүү, топтоо | уюштурулат. |
| Окуучулардын ден соолугунун чың болушу үчүн кабинеттерди, мектептерди жашылдандыруу | Ооруган окуучулар төмөндөйт, өздүк гигиенаны сактай билишет. |

Жогорудагы программаны ишке ашырууда мектептин методикалык темасынын негизинде билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу үчүн окуучулардын окуу программаларын өздөштүрүү деңгээлине жараша педагогдор дифференцирленген мамиле кылуунун үстүндө иш алып барып жатканын байкоого болот. Окуу жылында билим сапатын аныктоо максатында, старттык, аралык жана жыйынтыктоочу жазуу иштери алынып, жыйынтыктары өз учурунда чыгарылып турду. Билим сапатынын жылдан-жылга стабилдүү өсүшү окутууда түрдүү формадагы инновациялык ыкмаларды пайдалануу менен ар бир окуучуга дифференцирленген мамиле кылуу аркылуу түшүндүрүлөт.

2019-2020-окуу жылынын башында окуучулардын саны-2218 окуучуну түздү. Анын ичинен 1-4-класстар-1075, 5-9-класстар-1034, 10-11-класстар 109 окуучуну түздү. Балдар 1106, кыздар 1112.

Жалпы 63 класс-комплект түзүлдү.

1-4-класста - 29 класс-комплект, 5-9-класста 30 класс-комплект, 10-11-класста 4 класс-комплект. Ал эми жыл аягында 1-4-класстарда 1075, 5-9-класстарда 1014, 10-11-класстарда 104 окуучу, Жалпы 2190 окуучу аяктады

**Мектептин педагогикалык жамааты:**

| Кызматкерлердин саны | Жогорку билимдүү | Бүтпөгөн жогору | Атайын орто | ББИМ "Ардак грамотасы" | Эл агартуунун мыктысы |
|---|---|---|---|---|---|
| 88 | 74 | 1 | 14 | 4 | 5 |

**Педагогикалык стажы боюнча**

| **3 жылга чейин** | **4-10 жылга чейин** | **11-15-жылга чейин** | **15-25-жылга чейин** | **25 жылдан жогору** |
|---|---|---|---|---|
| 31 | 20 | 14 | 13 | 9 |

Методикалык иштин бирден-бир багыты болуп мугалимдердин квалификациясын эффективдүү жогорулатуу болуп саналат. Педагогикалык кызматкерлердин сапаттуу билим берүүсүнө жана аткарылган иштердин максаттуулугуна жетүүдө, чыгармачылыктарын жогорулатууда, инновациялык табылгаларга ээ болууга жана өз билимин өркүндөтүү кошумча билим алуу талап кылынат. Ар бир окуу жылында мугалимдер педагогикалык

квалификациясын жогорулатуу графигинин негизинде курстардан өтүп турушат. 2019-2020-окуу жылында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министирлигинин алдынагы педагогикалык кызматкерлерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 11 мугалим (Исраилова Н.К, Салимиова А. Ы, Айдарова Ж.Ө. Убайдылдаева Н.А, Достиева Ж.А, Жумабекова Ж.С, Табылдиева А.Н, Тагайбек к.Ф, Турунтаева К.А, Турсунова Д.Т. Сабырова Б.Э.) , 5-6-класстарында чыккан жаңы англис тили окуу китептери менен таанышуу жана мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу иретинде “Лингва” окуу борборунан 2 мугалим, жалпы 13 мугалим өз билимин өркүндөтүп, курстан өтүп келишти. Бул мугалимдер окуп келгендерин башка мугалимдерге жайылтуу максатында декадаларда ачык сабактарды өтүштү.

Педагогикалык тажрыйбаны өнүктүрүү жана жайылтуунун дагы бир формасы болуп, мугалимдер арасында өткөрүлгөн илимий – практикалык конференциялар тегерек столдор, мастер-класстар жана ошондой эле семинарлар эсептелинет. Акыркы окуу жылында да мектепте бир топ семинарлар болуп, тажрыйба алмашуулар жүргүзүлдү. Январь айында география предметинин шаардык семинара болуп өттү. Семинардын темасы “География сабагын окутууда практикалык иштерди уюштуруунун жолдору”. Семинарга шаардын мектептеринен жаш мугалимдер келип катышышты. Анда практикалык сабактарды уюштуруунун жолдору. Кахут жана Пликерс программалары менен кантип иш алып баруу керектиги көрсөтүлдү.Семинардын катышуучулары тарабынан шаардык семинардын жүрүшү “ эң жакшы” деп бааланды.

**Мектептин педагогикалык чеберчилиги**

Райондук жана шаардык деңгээлде жыл сайын мугалимдер арасында кароо-сынактар өткөрүлүп турат. Ошондой кароо-сынактын бири “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын”. Бул кароо-сынактын активдүү катышуучусубуз. Жылда бул сынакка катышып, алдыңкы орундарга ээ болуп келебиз. Эң алгач мектеп ичинде өткөрүп, ага ар бир усулдук бирикмеден бирден мугалим катышып, өзүнүн чыгармачылык деңгээлин көрсөтө алышты. 7 мугалимдин ичинен так илимдер усулдук бирикмесинен чыккан физика мугалими Салимова А.Ы. өзүнүн ишинин мыкты билгендиги, изденүүсү менен башкалардан айрымаланып, эң жогорку балл топтоо менен алдыга озуп чыгып, райондук деңгээлде өткөрүлгөн сынакка жолдомо алды. Апрель айында өткөрүлө турган “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын” кароо сынагында “Мыкты мугалим” номинациясы боюнча ат салышмак, бирок COVID 19 катуу жайылгандыктан карантин жарыяланып, кароо-сынак кийинки окуу жылына жылдырылды. Айнура Ыманкуловна өзү жаш болсо да, өз предметин мыкты билген, өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылган, дайыма изденүүнүн үстүндө жүрүп, ар бир сабагын кызыгуу менен өткөн мугалим десем

жаңылышпайм. Кийинки окуу жылында кароо-сынакка катышып, мектептин намысын коргойт деген ишенимдебиз.

Мектеп ичинде билим берүүнүн сапатын жогорулатууда ар түрдүү деңгээлдеги окуучулар менен иштөөдө мугалимдердин эң мыкты иш тажрыйбаларын газета, журналдарга сунуштап келебиз. Өткөн окуу жылында да физика мугалим Салимова Айнуранын физика сабагынан "Диффузия кубулушу " деген темада сабактын иштелмеси "Кут билим" газетасына 2020-жылдын январ айындагы чыккан санына, "Мугалим" журналынын №31-32 сандарына "Нерселердин электирлениши жөнүндөгү тарыхый маалыматтар. Электр заряды" деген темасы жарыяланган.

**Мектептеги жаш мугалимдер боюнча маалымат:**

Ар бир окуу жылында мектепте педагогикалык коллектив жаңы мугалимдер менен толукталып турат. Алардын көпчүлүгү окуу жайды жаңы бүткөн жаш мугалимдер. Жаш мугалимдерди тарбиялап, мектепке алып калуу үчүн болгон аракеттерибизди жумшайбыз. Окуу жылынын башында жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип берилип, алар жаш мугалимдер менен иштөөнүн жылдык планын түзүшүп, түзүлгөн пландын негизинде бир жыл бою иш алып барышат. Жаш мугалимдерге насаатчыларынан тышкары методист, Уб жетекчилери сабактын тиби, формасы, үй тапшырманын көлөмү, сабактын структурасы, окутуунун технологиялары, сабактын анализи, өзүнө-өзү анализ берүү боюнча окууларды өтүшөт.

**Жаш мугалимдердин жалпы саны:**

| Жалпы саны | 1-жыл иштегендер | 2-жыл иштегендер | 3-жыл иштегендер |
|---|---|---|---|
| 22 | 14 | 6 | 2 |

Мектептин өнүгүү программасынын изилдөө этабын ишке ашыруу үчүн усулдук бирикмелердин отурумдарында , педагогикалык кеңешмеде докладдар окулуп, мугалимдер өз иш-тажрыйбасынан бөлүшүп, ар бир доклад талкууланып турду. Бул докладда практикалык этабында жүргүзүлгөн иштердин оң жана терс жактары да каралды. Жаңы изилдөө этабында эмнеге көңүл бурушубуз керектиги талкууланды.

**Изилдөө этабында окулган докладдар:**

1. Кабылова Д.Т. "Кыргыз тилин окутуудагы активдүү методдор"
2. Наркозиева А.Т. "Химия сабагын окутууда дифференцирленген ыкманы колдонуу"

3. Урматова А.Д. "Дифференцирленген окутуу"
4. Доолотова Н.Б. "Англис тилин окутууда ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу"
5. Жумабекова Ж.С. "Сапаттуу билим берүүдө аркандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу"
6. Кабылова Д.Т. "Кыргыз тилин дифференцирлеп окутууда окуучулардын өзүн-өзү баалосун уюштуруу"
7. Сыдыков К.Б. "Дифференцированный подход к обучениюна уроках русского языка"
8. Шайдуллаева Г.Ө. "Математика сабагын окутууда окуучулардын өз алдынча иштөөсүн жөнгө салуу"
9. Абдилазизова А.Н. "Башталгыч класстарда ата-энелер менен иштөөнүн жекече жолдору"
10. Төлөнбаева Ч.Д. "Деңгээлдештирип окутуу боюнча окуучулардын билим алуу технологиялары жана компетенттүүлүктөрү"

Чейрек сайын окуу программасынын аткарылышы, жазуу иштеринин лабораториялык, практикалык жана текшерүү иштеринин алынышы көзөмөлдөнүп турду. Ошондой эле план боюнча окуучулардын билим сапаты текшерилип мониторинг жүргүзүлүп турду. Мектептин эң негизги приоритетивдүү багыты болуп окуучулардын билим сапатын жогорулатуу болуп эсептелинет. Изилдөө этаптагы билим сапатка көңүл бөлсөк, төмөндөгүдөй жыйынтык болду:

| **Окуу жылы** | **1-4-класстар** | | **5-9-класстар** | | **10-11-класстар** | | **Жалпы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **билим сапат** | **жетишүү** | **билим сапат** | **жетишүү** | **билим сапат** | **жетишүү** | **билим сапат** | **жетишүү** |
| **2019-2020-** | 37% | 100% | 33% | 100% | 40% | 100% | 37% | 99% |

**Ал эми чейрек боюнча алып карасак:**

| | **2019-2020-окуу жылы** | |
|---|---|---|
| | **б/с** | **жет** |
| I | 28% | 99% |
| II | 32% | 99% |
| III | 36% | 99% |
| IV | 37% | 100% |
| жылдык | 37% | 100% |

**Ал эми предметтер боюнча 1-11-кл билим сапатынын жыйынтыгы төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү көрсөттү:**

| Предметтердин аталышы | 2019-2020-окуу жылы | |
|---|---|---|
| | билим сапат | жетишүү |
| Кыргыз тили | 63% | 100% |
| Кыргыз адабияты | 64% | 100% |
| Орус тил | 58% | 100% |
| Орус адабияты | 50 % | 100% |
| Математика (5-6) | 41% | 99% |
| Алгебра (7-11) | 43% | 100% |
| Геметрия (7-11) | 46% | 100% |
| Англис тил (3-11) | 60% | 100% |
| Физика | 50% | 100% |
| Химия | 43% | 100% |
| Кыргызстан тарых | 66% | 100% |
| Дүйнө тарых | 63% | 100% |
| Информатика | 54% | 100% |
| География | 58% | 100% |
| Биология | 52% | 100% |
| Адам жана коом | 55% | 100% |
| Музыка | 96% | 100% |
| Көркөм өнөр | 89% | 100% |
| Табият таануу | 60% | 100% |
| Дене тарбия | 91% | 100% |

**Мектептин ресурстук базасы**

№87 жалпы орто билим берүү мектебинде 2019-2020-окуу жылында 26061 окуу китеби, көркөм китеп 578, мугалимдер үчүн усулдук колдонмо 482, окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу 82 %.

Акыркы жылдарда мектептин материалдык техниканын базасын чыңдоо боюнча көп аракеттер жүрдү: Азыркы учурда мектепте:

| компьютер | Интерактивдүү доска | телевизор | ноутбук | панель |
|---|---|---|---|---|
| 28 | 13 | 7 | 5 | 1 |

**Мектеп окуучуларынын ар кандай конкурстарда жана предметтик олимпиадаларга катышуусунун анализи**

Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасы жөнүндө Жобонун (28.11.2018-ж ) негизинде 23-ноябрда мектеп ичинде олимпиада өтүлдү

**Максаты:**

- Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү илимий – изилдөө ишмердүүлүктөргө кызыгуусун арттыруу
- Окутулуп жаткан предметке окуучулардын кызыгуусун арттыруу
- Жогорку класстардын окуучуларына кесипке багыт берүү
- Окуучулардын предметтер боюнча жогорку жетишкендиктерин тастыктоо.
- Райондук олимпиадага катышуу үчүн команда топтоо

Олимпиадага 8-11-кл 259 окуучу катышып, 73 окуучу орунга ээ болушту. 1–2–3– орунду ээлеген окуучулар грамота менен сыйланышты. 10–11–класстардан 1-2-3-орунду ээлеген 30 окуучу райондук олимпиадага жөнөтүлдү.
Пандемияга байланыштуу статустук мектептер менен жалпы билим берүүчү мектептердин жыйынтыгын бөлүп каралган жок.

**Илимий-практикалык конференциялар**

Жаңы түптөлүп келе жаткан билим берүү мекемеси болгондуктан шаардык илимий –практикалык конференцияларга катышуу оорчулукту жаратып келген. Айрым окуучулар өз алдынча предметтик мугалимдердин жетекчилиги менен эл аралык конференцияларга катышып келишкен. Былтыркы окуу жылында окуучулардын проект боюнча иштөөлөрү колго алынып, Кыргыз Билим берүү академиясынын окутуучусу Элебесова А. проект боюнча иштөөгө кызыгуусу бар окуучуларга жана предметтик мугалимдерге семинар өткөрүп келди. 2019-2020-окуу жылында Бишкек шаарынын алдындагы билим берүү башкармалыгы жана Республикалык жаш инженердик-техникалык “Алтын түйүн” академиясы менен биргеликте уюштурулган шаардык изилдөө долбооруна 3 окуучу катышса, быйылкы окуу жылында 7 окуучу катыша алды. Бул долбоордун негизги максаты билим сапатын көтөрүү жана окуучулардын долбоордук, изилдөөчүлүк, илимий-техникалык ойлоп табуучулук жөндөмүн өнүктүрүү, андан тышкары өлкөдөгү социалдык, экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыт берүү.

1. 10-а классынын окуучусу Жыргалбеков Т. **“Талкаланып тонолуп жаткан үлкөн кыргыз тарыхы (Изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол) ”** жетектеген мугалими Казакова Н.О.
2. 10-а классынын окуучусу Кошбаев Назар **“Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги англис тилинин ролу”** жетектеген англис тили жана мугалими Жумабекова Ж.С.

3. 8-д классынын окуучусу Талант уулу Нур **“Калпак кыргыз погону”** жетектеген физика мугалими Салимова А.Ы.
4. 9-е классынын окуучусу Талантбек кызы Элзина **“Детство, опаленное войной”** жетектеген мугалим –Тентиева А.К.
5. 6-а классынын окуучусу Ибраимова Канышай Шамуратовна **“История одного слова – «Победа»** жетектеген мугалим –Тентиева А.К.
6. 11-а классынын окуучусу Маматов Бактыбек **“Первый бросок победы”** жетектеген мугалим- Наркозиева А.Т.
7. 9-б классынын окуучулары Өмүрбекова С. Кубанычбекова Бегимиай **“Согуш мезгили кыргыз адабий чыгармаларында”** жетектеген мугалим –Сагынбаева Г.М.

Эпидемиялык кырдаалга байланыштуу 11-класстардын жыйынтыгы чыгарылып, калган класстар кийинки окуу жылына калтырылды. 11-класстар боюнча Маматов Б. 1-орунга ээ болду.

21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө карата Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынаан уюштурулган “Тил-достуктун ачкычы” деген алышта изилдөө долбоорунун кароо-сынагы уюштурулган. Изилдөө долбооруна “Корей элинин тили жана маданияты” деген тема менен 10-а классынын окуучусу Мадирайимова А.Ж. 10-б классыныны окуучусу Аскар кызы Медина катышып келишти.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү” Мыйзамын ишке ашыруу, мамлекеттик тилдин статусун көтөрүү, Кыргыз Республикасында жашаган улуттардын ынтымагын арттыруу жана ар улуттун эне тилин даңазалоо, ар улуттун тарыхы, адабияты, маданиятынын улуулугун чагылдыруу, элдин үрп-адат, каада-салттары аркылуу ыймандуулукка, патриоттуулукка, улуттардын биримдүүлүгүнө чакыруу, изилдөө иштерине кызыккан, жөндөмдүү, чыгармачыл окуучуларды табуу долбоордун негизи максаты болуп саналат.

**ЖТР жыйынтыгы**

| **жалпы** | **катышты** | **орточо балы** | **110баллдан жогору алгандардын саны** | **эн жогорку балл** |
|---|---|---|---|---|
| 47 | 47 | 124 | 33 | 193 |

Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө мыкты жабдылган окуу кабинетинин да маанилүү ролду ойнойт. Мектептеги 35 окуу кабинети профилине жараша тиешелүү окуу методикалык, дидактикалык жана таркатма материалдар менен менен камсыздалып, паспорттоштурулган жана иш пландары түзүлгөн.

2019-2020-окуу жылында өнүгүү программасында география кабинети “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын” деген аталыштагы “Мыкты кабинет” номинациясы боюнча конкурс катышмак, бирок мектеп окутууга ылайыкталган бардык жабдуулар менен камсыз болгонуна байланыштуу мектеп администрациясы, усулдук бирикме жетекчилери менен бирдикте макулдашып “Мыкты инновациялык жалпы билим берүүчү орто мектеп” номинациясы боюнча катышып, 2-орунга ээ болуп интерактивдүү панель -43 менен сыйландык. Бул биздин мектептин жамааты үчүн эң чоң сыймык болду.

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу окутуу дистанттык түрдө өткөрүлдү. Анда Бишкек шаарындагы мектептерден мугалимдер тандалып алынып, алар видео сабактарды даярдап, тартылышкан.Биздин мектептен да тарых мугалими Казакова Н.О. жана башталгыч класстардын мугалими Сариева Ж.Т. тартылышты, ал эми информатика мугалими Саданалиева М.С. сабактардын жүгүртмөсүн түзүүгө катышкан.

Короновирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу апрель, март айларында окутуу дистанттык түрдө өткөрүлдү. Анда телеберүүдөн календардык пландын негизинде видео сабактар тартылып, предметтик мугалимдер өтүлгөн сабактын негизинде ватсап, зуум, классрум ж.б платформалар аркылуу,презентацияларды даярдашып көрсөтмөлүү сабак өтүү менен кайтарым байланыштарды жүргүзүшүп, теманы толук өздөштүрүүгө аракет кылышты. Көптөгөн кыйынчылыктар жаралуу менен аралыктан окутуу талаптагыдай жүргүзүлдү. Кандай гана ишти жыйынтыктаганда анын оң жана терс жактары көз алдыңа тартылат экен.

**Аралыктан окутуунун оң жактары:**

1. Кыска аралыктын ичинде мугалимдер жана окуучулар заманбап техниканын тийиштүү жактарын терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышты.
2. Мугалимдер изденүүнү натыйжасында билим берүүнүн интернет программаларын өздөштүрүштү.
3. Кайтарым байланышка чыгуунун көп жолдорун чыгармачылык менен изилдеп чыгышып, аны ар кандай формада уюштурушту.
4. Жат жазуу, дилбаян, текшерүү иштердин аудио, видео сыяктуу көптөгөн түрлөрүн иштеп чыгышты.
5. Мугалимдердин арасында өз ара атаандашуу пайда болуу менен ар кандай программаларды колдонуу менен эң жакшы сабактарды даярдап жатышты.
6. Ата-эне балдарынын билим деңгээлин жакындан билип, билим берүү оңой иш эмес экенин түшүнүштү.
7. Сабакта пассивдүү катышкан окуучулар аралыктан окутууда өздөрүнү активдүүлүгүн көрсөтө алышты.

**Аралыктан окутуунун терс жактары:**

1. Мугалимдин изденүү менен сабакка даярдануусуна адаттагыдан көп убакыт талап кылынды.
2. Окуучулардын кээ бирлери оңой жол менен жакшы баа алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.
3. Мугалимдердин ден соолугуна (өзгөчө көрүү органдарына) абдан күч келди.
4. Айрым үй бүлөлөрдө ата-эне менен баланын ортосунда конфликт пайда болду.
5. Айрым үй бүлөлөрдө техника каражаттарынын же интернет булактарынын жетишсиздигинен окуучулар кайтарым байланышка чыгуу мүмүнчүлүгү болбой жатты (бир класстан бирден , экиден окуучулар гана).
6. Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулардын көпчүлүгү кош көңүл гана мамиле кылышты.

**Жыйынтык:** Мектептин өнүктүрүү планынын изилдөө этабында жүргүзүлгөн иштерге талдоо жүргүзгөндө мектептин ишмердүүлүгү толук кандуу жаңыланып, бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, окуучуларга билим-тарбия берүүдө бардык тийиштүү шарттар каралгандыгын аныктай алдык.

2019-2020-окуу жылдары мектептин өнүктүрүү программасынын практикалык этабында пландаштырылган иш чаралардын бардыгы ишке ашты.

**Сунуштар:**

- Мектептин тандап алган окуу-тарбиялык темасынын изилдөө этабынын жыйынтыгын көрүү максатында билим сапатынынын мониторингин чыгаруу;
- Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо-сынактарга катышуу;
- Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбоорлоруна катышуу, жыйынтыгын көрүү
- Билим берүүдө инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу менен окуп, үйрөнгөндөрүнүн натыйжалуулугун арттыруу;
- Мугалимдер арасында өз ара окутуунун ишке ашыруу, методикалык иштер аркылуу тажрыйба алмашуу.

ОТИ боюнча директордун орун басары Акимбай к Н